**УДК 37:371.302:370.179.2**

***Момбекова С.К.***
*Момбекова Самара – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ЗАМАНБАП ОКУТУУ СИСТЕМАСЫНДА КОЛДОНУЛУУЧУ ОЮН МЕТОДДОРУНУН АКТУАЛДУУЛУГУ

# АКТУАЛЬНОСТЬ ИГРОВЫХ МЕТОДОВ, ИСПОЛЬЗУЕМЫХ В СОВРЕМЕННОЙ СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ

# RELEVANCE OF GAME METHODS USED IN THE MODERN EDUCATION SYSTEM

***Аннотация****:Макала билим берүүнүн бардык максатын жана мазмунун өзгөртүү менен заман талабына ылайык окуучулардын аң сезимин калыптандыруу процессинде оюн методдорунун актуалдуулугун ачып берүү маселесине арналган.*

***Аннотация:*** *Статья посвящена проблеме выявления актуальности игровых методов в процессе формирования сознания учащихся в соответствии с потребностями времени путем изменения всей цели и содержания образования.*

***Annotation:*** *The article is devoted to the problem of revealing the relevance of game methods in the*

*process of forming the students' consciousness in accordance with the needs of the times by changing the entire purpose and content of education.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *метод , салттуу окутуу методикасы , оюн методу , өз алдынча ой жүргүзүү, эффективдүү, ой-жүгүртүүчүлүк иш-аракетин активдештирүү, оптималдуу жолдор.*

***Ключевые слова:*** *метод, традиционный метод обучения, игровой метод, самостоятельное мышление, эффективность, активизация мыслительной деятельности, оптимальные способы.*

***Key words:*** *method, traditional teaching method, game method, independent thinking, effective, activation of thinking activity, optimal ways.*

Азыркы учурдагы жалпы ааламдашуу агымына байланыштуу , коомдун заманбап өнүгүү этабы мектеп окуучуларына сапаттуу билим берүүгө карата коюлган талаптардын өзгөрүүсү менен мүнөздөлөт. Демек, дээрлик билим берүүнүн бардык максатын жана мазмунун өзгөртүү менен заман талабына ылайык окуучулардын аң сезимин калыптандыруу процессинде, педагогдорду окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуунун оптималдуу жолдорун издөөгө көбүрөөк кайрылуусун мажбурлоодо.

Буга ылайык окутуу процессин натыйжалуу уюштуруу зарылчылыгы жаралып, сабактардыы кандай жана кантип окутууга карата кызыкчылыктар өсүүдө. Ушуга байланыштуу билим берүүдө жаңы усул-ыкмаларды жана жаңычыл технологияларды колдонуу өтө курч маселе болуп чыга келди. Предметтерди баштагыдай салттуу окутуу методикасы менен бирге эле, жаңычыл окутуу, заманбап методикалык усул-ыкмаларды пайдалануу, сабактарды көрсөтмөлүү жүргүзүү жана алдыңкы технологиялык жетишкендиктердин жардамы менен, окутуп-үйрөтүүнүн натыйжалуулугун арттыруу түшүнүгү күн тартибине өзгөчө коюлду. Себеби аалам азыр тез өзгөрүүнүн шартында жашап жатат, маданий, илимий тажрыйбалардын аралашуу интеграциясы жүрүп, бул өзгөчө жаңы шарттарга ыкчам көнүшүү, окуп-үйрөнүлгөн билимдердин жардамы аркылуу жеке билимин, ой өрүштөрүн көтөрүү, ал аркылуу ошол чөйрөнүн коомдук турмушуна бат жана тез аралашуу ж.б. маселелерди күн тартибине койду.

Биздин өлкөнүн дүйнөлүк коомчулукка интеграциялануу процесси жалпы Европалык билим берүү мейкиндигине кирүүбүз, эл аралык байланыштардын жана кызматташтыктардын бардык деңгээлдеги кеңейүүсү билим берүү мекемелеринин алдына сапаттык билим берүүнү уюштуруунун белгилүү бир деңгээлине жетишүү милдетин коюуда.

Аталган милдеттерди ишке ашыруу максатында окутууну талапка ылайык уюштуруу негизги факторлордун бири болуп, мектеп мугалимдеринен окуучуларды билим алууга кызыктыруу үчүн ар кандай ыкмаларды б.а. методдорду колдонуу менен сабактарды уюштуруусун мезгил талап кылууда.

**Окуу** – бул окуучулардын негизги ишмердүүлүгү болуп эсептелет, себеби, ал билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана активдүү инсандык позицияларынын калыптанышына өбөлгө түзөт. Андыктан, мектептерде окуу активдүүлүгүн жогорулатуу жолдорун издөө зарылдыгы турат. Бул окуучулардын өз алдынча ой-жүгүртүүчүлүк иш-аракетин активдештирүүгө, алардын жеке көз караштарын жана дүйнө таанымын калыптандырууга мүмкүндүк берүүчү окутуунун формаларын, методдорун жана ыкмаларын табууну көздөйт.

**Өз алдынча ой жүгүртүү -** бул структураларды жана интеллектуалдык стандарттарды жигердүү пайдалануу , кандайдыр бир нерсе же кубулуш жөнүндө ойлонууга атайын ыкма болуп саналат. Сын көз менен ой жүгүртүү, аны өнүктүрүү адамдын жашоосунда артыкчылыктарды көп берет.

Мисалы, ойдун бул түрү оюн методдору аркылуу иштелип чыккан болсо, төмөнкү өзгөчөлүктөр менен айырмаланат:

- ой калчоо аркылуу иш-аракетти аткара алат;
- окуучунун кызыгуусу, активдүүлүгү, умтулуусу орун алат;
- окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирет;
- өз ойлорун тартынбай айтуу менен чечим чыгара билүү абдан кызыктуу, ошондуктан окуучулар өз каалоосу менен билим алат;

Заманбап окутуунун максаттарынын, мазмундарынын ар түрдүүлүгү жана окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, билим денгээлдери ж.б.у.с. өзгөчөлүктөрүнөн методдордун ар түрдүүлүгү келип чыгат.

Ошондуктан КР билим берүү реформасынын бирден бир максаты окуучулардын дүйнө таануусунун активдешишине багытталган өз алдынча ойломду өнүктүрүүгө, алардын суроо берүүгө умтулуусуна, алган билимин тажрыйбада колдонуусуна, демилге көтөрүүсүнө жана командада иштей билүүсүнө, коомдо активдүү роль ойноосуна жардам берген жандуу аракеттерди киргизүү жагдайлары белгилүү боло баштады.

Билим берүү системасында окутуунун бул методу,технологиясы билим берүүнүн максатын, мазмунун окуу процессинде ишке ашырууда негизги компонент болуп эсептелет.

**«Метод»** тушунугу латын сөзүнөн алынган, ал кандайдыр бир максатка багытталган жол дегенди түшүндүрөт.

**«Окутуунун методу»** - окутуу процессинде аныкталган педагогикалык максат менен окуучулардын чыгармачылыгын, ой жүгүртүүсүн өзгөртүүгө,өнүктүрүүгө багытталган мугалим жана окуучунун иш-аракеттер системасы аталат. Ал эми «метод» - бул аныкталган максатты ишке ашыруудагы аркеттердин ыкмасы.

Окуучунун окуу чыгармачылыгы билим алуу же үйрөнүү деп аталат. Ал эми мугалимдин чыгармачыл аракети «окутуу»деп аталат. Окуучу менен мугалимдин чогуу аракети **«билим берүү»** болот**.**

**” Билим берүү”** адатта башкалардын жетекчилиги астында, мугалим же инструктор тарабынан ишке ашкан процесс. Ошондой эле билим берүү бул фактыларды жана цифраларды үйрөнүү жана таанып-билүү процесси дагы болуп эсептелет, ал эми билим - ошол фактыларды жана теорияларды колдонуу жана окуу.

Билим берүүнүн алдын ала аныкталган программасы, эрежелери бар, ал эми билимдин мындай чектери жок. Билим берүү жаш курагына жараша өсөт жана билимдин мындай алдын-ала аныкталган өсүү темпи жок. Билим алуу үчүн, бир тутумду кармануу керек. Билим алуу үчүн мындай системалар талап кылынбайт. . Билим алуу үчүн, бир тутумду кармануу керек. Билим алуу үчүн мындай системалар талап кылынбайт.

Ал эми билим алуудагы методика бул - билим алуу процессиндеги педагогикалык ишмердүүлүктүн конкреттүү ыкмаларынын, техникаларынын баяндалышы; «тарбиялык иштеги эрежелерди жыйноо».

Көбүнчө **“методика** ” термини менен **“технология** ” терминин айырмалай албай бир эле процесс катары кабыл алгандар да кездешет. Бирок, педагогикалык технология методикадан айырмаланарын окумуштуу-педагог, академик, КР Эл мугалими И.Б. Бекбоев өзүнүн эмгегинде төмөнкүчө көрсөткөн**:**

**Биринчиден, методикада** максат жалпыланып конкреттүү эмес коюлат да, аны ишке ашыруунун куралы жок болгондуктан, жыйынтыгын текшерүү кыйын болот. Ал эми **технологияда** б.а. долбоор түрүндө коюлган максатта болсо окуучунун иш-аракети “түшүнөт”, “колдонгонду билет”, “айтып бере алат”, “билет” деген сыяктуу сөздөр менен көрсөтүлөт.

**Экинчиден**, методикада ыкмаларды, каражаттарды, формаларды пайдалануу аларды ишке ашырган конкреттүү адамга тиешесиз, жалпы түрдө каралат, ал эми окутуу технологиясында болсо негизги орунду мугалим ээлейт да, технологиялык процессти ал өзү ишке ашырат. Демек, педагогикалык технология алдын ала долбоорлонуп, пландалган педагогикалык процессти ирееттүү түрдө ишке ашыруудагы мугалимдердин иш аракеттеринин байланыштуу системасы деп эсептөөгө болот. Заманбап билим берүүдө бир бүтүндүүлүктүн диалектикалык биримдигин камсыз кылуучу ишмердуулуктун уюшулушу иерархиялык түзүлүштө болушу б.а. төмөнкү баскычтагы система өзүнөн жогорку баскычтагы системанын курамына киргенде, кайрадан жаңы касиетке ээ болору, кезегинде алардын да өзүнөн жогорку системаны пайда кылуучу байланыштын тутумундагы мыйзам ченемдүүлүккө баш иери **иерархиялуулук** деп аталат.

Окутуунун технологиясынын сапатынан билим берүүнүн сапаты түздөн-түз көз карандылыгы билим берүү процессин теориясында жана практикасында тастыкталган. Анткени **билим берүүнүн технологиясы** анын мазмунунун окуу процесси аркылуу өздөштүрүлүп, пландаштырылган окутуунун ийгиликтүү натыйжаларын камсыз кылат. Демек, **окутуунун технологиясы о**куучу үчүн негизги окуу чөйрөсү жана шарты болуп эсептелип, ал :

**Билим берүүчүлүк;**
**Өнүктүрүүчүлүк;**
**Тарбиялык;**
**Өбөлгө түзүүчүлүк;**
**Маалыматтык;**
**Оңдоп-түзөтүүчүлүк;**
**Көзөмөлдүк;**

**Башкаруучулук** функцияларды аткарат дагы, окуучулардын кызыкчылыгын, жөндөмдүүлүгүн, изденүүчүлүк көндүмдөрүн эске алган жана кызыгуусун активдештире турган, окуучу менен маектеш болгон деңгээлде уюштуруу зарыл.

**Окутуу методунун жаны технологиясы** катары : программалык тестирлөө, модуль системасы интерактивдүү окутуу, сын көз менен ойлоону өстүрүү стратегиясы жана башкалар кенири практикаланууда. Жогоруда белгиленген окутуунун жаңы технологиялары окуучулардын чыгармачыл жана интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу аларды өзүн-өзү өнүктүрүү, ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялоо, билгичтиктерин жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу максаттарын көздөп, окутуу технологиясынын мазмунун жана багыттарын бир топ оптималдаштырып жаңыртты. Булардын ичинен окуучунун сын көз менен ойлоонусун өстүрүү методдору активдүү колдонулуп, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүнүн , мамилелеринин стилинин өзгөрүүсүнө дуушар кылды. Сын көз менен ой жүгүртүү - эмнеге ишенүү керек же кандай чара көрүш керек деген чечимге багытталган рационалдуу, аңдап түшүнүү менен жүрө турган ой жүгүртүү.

Ал жөндөмдүүлүктү да, шыкты да өзүнө камтыйт ,ошол себептен окуутуда мугалим менен окуучунун ишмердуулугун арттыруу максатында окуучу үчүн өтө зарыл психологиялык жаңы билимдерге ээ болуусун камсыздоого туртку бере турган оюн методун окуу процессинде колдонуу зарылдыгы келип чыгат.

Бир катар окумуштуулар окуучунун социалдык мамилелерин, инсандык өз ара мамилелерди, коомдук нормаларды жана эрежелерди, адамдардын жүрүш-туруштарын өздөштүрүүнүн ыкмасы катары талдашат.

Улуу орустун психологу Л.С. Выготский оюн методунун социалдык жана таанып-билүүчүлүк мүнөзүн көрсөткөн: «Акыры бардык жүрүм-турум белгилүү бир шарттуу эрежелерге баш ийүү менен ал биринчи кезекте акылдуу, эстүү жана түшүнүктүү жүрүм-турумга үйрөтөт, мындан оюндун өзгөчөлүгү айрыкча белгилүү жана ачык көрүнөт. Оюн – окуучунун «ички социалдашуу» мейкиндиги, социалдык жоболорду өздөштүрүүнүн каражаты» [46].

А.Н. Леонтьев белгилегендей: «Оюнда бала адамдардын жүрүм-турумун, алардын өз ара мамилелеринин маңызын өздөштүрөт» [97, 285-286-бб.].

Д.Б. Эльконин оюн методун окуучунун ишмердүүлүгүнүн табигый түрү катары карап, анын мотиви өзүнүн маңызында жатат деп белгилеген. Оюн ишмердүүлүгүндө бала өтө зарыл психологиялык жаңы билимдерге ээ болот: биринчи кезекте коомдогу мамилелерди жана функцияларды өздөштүргөн социалдык болмуштун жаңы тармактарын таануу; кыялдануу планында аракет жасоо жөндөмдүүлүгү, социалдык мотивдерди жана өз ара мамилелердин эрежелерин өздөштүрүү; каалоосуна ылайык жөндөмдүүлүгү, айланасындагы адамдарга багытталуусу, талаптардын көз карашында өзүнүн иш-аракетине жана кылык-жоругунуна баа бере билүүсү, башкача айтканда, коомдук көз караште жүрүм-турумдун инсандык механизмдери, көзөмөл жана өзүн-өзү көзөмөлдөө, баалоо жана өзүн-өзү баалоо өнүгөт [194, 220-б.].

Оюн методун колдонуу ишмердүүлүгүндө өз ара байланыштык жана бири-бирине багынгандык мотивдеринин системасы түзүлөт. Ишмердүүлүктүн мотиви боюнча коомдук (башка адамдар үчүн пайдалуу иш жасоого умтулуу) болуп эсептелет да, өздүк пайда көрүү мотивине караганда өзгөчө мааниге ээ болот [171].

Оюн методу, биринчиден, окуучунун адамдардын жашоосундагы жалпы, функционалдык көрүнүштөрүнө, алардын социалдык функцияларына жана мамилелерине багытталуу ишмердүүлүгү. Экинчиден, оюн ишмердүүлүгүнүн негизинде окуучунун кыялдануусунун пайда болушунун негизинде өнүгүшү жана ой жүгүртүү функциялары да өнүгөт.

Оюн методуна кызыктуу мүнөздөмөнү окумуштуу Г.К. Селевко да берген: «Оюн – бул коомдук тажрыйбаны түзүүгө жана өздөштүрүүгө багытталган кырдаалдардын шартындагы ишмердүүлүктүн түрү. Анда жүрүм-турумду өз алдынча башкаруу өркүндөтүлөт жана жөнгө салынат» [148, 34-б.].

Ошентип, оюн методунун келип чыгышы жөнүндөгү теорияларды талдоо, оюн – көп кырдуу көрүнүш, аны ишмердүүлүктүн өзгөчө формасы катары кароого болот. Оюндун дагы бир топ көрүнүштөрү таанып-билүүчүлүк жана тарбиялоо процессине педагогикалык жетекчилик кылууда билинет деген жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берди.

**Адабияттар:**


1. Асеев В.Г. Мотивация жана инсандык көйгөй. / Инсандык психологиясынын теориялык маселелери. М. 1974.

2. Афанасьев В.Г. Коомдук таанып билүүдөгү тутумдук мамиле жөнүндө // Философия маселелери. 1973. № 6. С. 86 – 99.

3. Беспалько В.П. Билим берүүнүн психологиялык парадокстары. // Педагогика.2000. №5. S. 13-20.

4. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек: Бийиктик, 2011 – 340 б

5. Выготский, Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте [Текст] /. – М.: Просвещение, 1991. – 96 с.

6. Леонтьев Д.А. Адамдын мотивациясы жөнүндө жалпы түшүнүк. // Университеттеги психология 2004. No 1.S. 51-65.

7. Селевко Г.К. Эрте өспүрүмдүн психологиясы: Китеп. Мугалим үчүн. М.: Билим берүү, 1989.34 стр.

8. Эльконин Д.Б. Психическое развитие в детских возрастах: Избранные психологические труды» , Год издания: 1989 ,220 стр. Издательство: Педагогика